УДК: 947 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-424-433

**Курманалиев К. А.**
доценттин м.а.
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
kubatbekamanovic@gmail.com

## КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫНЫН 1925-1926-ЖЫЛДАРДАГЫ ОКРУГДУК-ВОЛОСТУК ТҮЗҮЛҮШҮН ӨЗГӨРТҮҮ

**Аннотация.** Бул макалада Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын 1925-1926-жылдардагы округдук-волостук түзүлүшкө өтүүнүн себептери жана жаңы административдик башкаруунун жолдору каралат.

ККАОнун мамлекеттик курулушу боюнча уюштуруу иштеринин жүрүшүндө областык жана округдук революциялык комитеттердин иш-аракеттеринде административдик башкарууну уюштуруу талаптагыдай болбогондугун көрсөттү. Ошондуктан областтык революциялык комитет эки округдук бөлүштүрүүдөн баш тартууга аргасыз болгон.

Анын жүйөөлүү себептери дөңгөлөктүү жолдордун жоктугу жооптуу кызматкерлердин борборборго катташына оорчулук келтирген. Телеграф-телефон байланышы ККАОнун бардык аймагын камтыган эмес, ошондой эле радио байланыш да жок болгон. Бардык иштер кагазга жөнөкөй жазуу менен кыскартылып берилген. Мындан тышкары, түпкү калктын сабатсыздыгынан округдук волосттордо жана өтө чоң округдарды башкара ала турган адамдарды табуу кыйын болгон. Баш тартуунун дагы бир себеби, округдун айрым бөлүктөрүнүн (мисалы, Талас району менен Пишпек округу) ортосунда соода-экономикалык байланыштын жоктугу да болгон.

1924-жылы ноябрда Каменскийдин төрагалыгы астында областы райондоштуруу боюнча комиссиясынын сунушу боюнча облаcт төрт округка – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад жана мурдагы Каракол жана Нарын уезддери, Пишпек уездинин Тоолуу районунун бардык волосттору Каракол-Нарын округуна өтүшү керек болгон.

Башкаруу ынгайлуулугу жана башка административдик иш чараларды камсыз кылуу үчүн областтык жана волосттук, уездик бирдиктердин аймактык бөлүмдөрүн түзүү пландаштырылган.

**Негизги сөздөр:** үч бирдиктен турган бөлүнүү, ирилештирүү, географиялык шарт, төрт округдук партиялык бюро, революциялык комитет, обочолонгон аймактардын, ортолук бийлик.

**Курманалиев К. А.**
и. о. доцент
Кыргызский государственный университет им. И.Арабаева
г. Бишкек
kubatbekamanovic@gmail.com

## ИЗМЕНЕНИЕ ОКРУГНО-ВОЛОСТНОЙ СТРУКТУРЫ КАРА-КЫРГЫЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ В 1925-1926 ГГ

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются причины перехода Кара-Киргизской автономной области к округно-волостному устройству в 1925-1926 годах и пути нового административного управления.

В ходе организационной работы по государственному строительству ККАО было показано, что организация административного управления в деятельности областных и окружных ревкомов недостаточна. Поэтому областной ревком был вынужден отказаться от разделения на два округа.

Причина этого в том, что отсутствие колесных дорог затрудняло проезд чиновников в центр. Телеграфная и телефонная связь не охватывала всю территорию ККАО, отсутствовала также радиосвязь. Все дела сводятся к простому написанию на бумаге.

Кроме того, из-за неграмотности коренного населения трудно было найти людей, которые могли бы управлять уездными волостями и очень большими округами. Другой причиной отказа стало отсутствие торгово-экономических связей между отдельными частями округа (например, Таласским районом и Пишпекским округом).

В ноябре 1924 года по предложению областной зональной комиссии под председательством Каменского область должна была быть разделена на четыре округа - Пишпекский, Каракол-Нарынский, Ошский, Джалал-Абадский и бывшие Каракольский и Нарынский уезды, а все волости Горного района Пишпекского уезда должны были быть переданы Караколь-Нарынскому округу.

Для обеспечения удобства управления и других административных мер планируется создать уездные отделы областных и волостных, территориальных подразделений.

**Ключевые слова:** разделение трех частей, расширенные, географическое положение, четыре окружной бюро партии, ревком, изолированные регионы, промежуточная власть.

**Kurmanaliev K. A.**
assistant professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaeva
Bishkek c.
kubatbekamanovic @ gmail.com

## CHANGES IN THE DISTRICT-VILLAGE STRUCTURE OF THE KARA-KYRGYZ AUTONOMOUS REGION IN 1925-1926

**Annotation.** This article discusses the reasons for the transition of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region to a district-volost structure in 1925-1926 and the path of new administrative management.

During the organizational work on state building of the KKAO, it was shown that the organization of administrative management in the activities of regional and district revolutionary committees is insufficient. Therefore, the regional revolutionary committee was forced to abandon the division into two districts.

The reason for this is that the lack of wheeled roads made it difficult for officials to travel to the center. Telegraph and telephone communications did not cover the entire territory of the KKAO; there was also no radio communication. Everything comes down to simply writing on paper.

In addition, due to the illiteracy of the indigenous population, it was difficult to find people

who could manage county volosts and very large districts. Another reason for the refusal was the lack of trade and economic ties between individual parts of the district (for example, Talas district and Pishpek district).

In November 1924, at the proposal of the regional zonal commission chaired by Kamensky, the region was to be divided into four districts – Pishpek, Karakol-Naryn, Osh, Jalal-Abad and the former Karakol and Naryn districts, and all the volosts of the Mountain region of Pishpek district were to be transferred Karakol-Naryn district.

To ensure ease of management and other administrative measures, it is planned to create county departments of regional and volost, territorial divisions.

**Keywords:** division of three parts, expanded, geographical location, four district bureaus of the party, revolutionary committee, isolated regions, intermediate power.

1925-1926-жылдарда облревкомдун, эки уездик округдук ревкомдун иш-аракеттеринин жана ККАОнун мамлекеттик курулушу боюнча уюштуруу иштеринин жүрүшүндө эки округка бөлүштүрүү шартында административдик башкарууну туура уюштуруу жана талаптагыдай башкаруу мүмкүн эместиги белгилүү болду.

Областтык революциялык комитет эки округдук бөлүштүрүүдөн баш тартууга аргасыз болгон, анын жүйөсү төмөндөгүлөр болгон: «130 миң кв. верстен ашык аянтты ээлеген Пишпек уездинин калкы абдан сейрек, айрыкча түштүк-батыш бурчунда, байланыш дээрлик толук жок. Бүткүл аймак боюнча эки гана жүк ташуучу жол: биринчиси Пишпектен Караколго /Пржевальскке/, экинчиси Кутмалдыдан Нарынга чейин, калган жолдор жүк ташууга ыңгайсыз болуп, округдук борбордон 350 – 400 верст (дөңгөлөктүү араба эмес, ат менен) алыстыкта болгон» [7, л.4]. Дөңгөлөктүү жолдордун жок болгону жооптуу кызматкерлердин борборго жана кайра жерлерге кайтышы, билдирүүлөрдү жана каттарды жеткирүү өтө кыйынга турган. Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгү түптөлгөн мезгилде жолдордун абалы өтө начар болгон. Областтын аймагындагы жолдорду жана көпүрөлөрдү куруу жана оңдоо иштерин Орто Азиялык округдук жергиликтүү транспорт башкармалыгы жүргүзгөн. Областтын өзүнүн жол-курулуш иштерин башкарган органы болгон эмес [13, 91-б.]. Телеграф-телефон байланышы ККАОнун бардык аймагын камтыган эмес, ошондой эле радио байланыш да жок болгон.

Албетте, мындай шартта округдун аппараты үчүн кеңири аймакты башкаруу кыйын эле. Бардык иштер кагазга жөнөкөй жазуу менен кыскартылып берилген. Мындан тышкары, түпкү калктын сабатсыздыгынан округдук волосттордо жана өтө чоң округдарды башкара ала турган адамдарды табуу кыйын болгон [2, л.1].

Дагы бир жагдай, округдук волостторго кайра куруу: кадрларды топтоо, окрукгдук волосттордун чектерин белгилөө жана башкаруу аппаратын уюштуруу бир топ убакытты талап кылган. Бөлүштүрүү убагы жана областтык аппаратты түзүү мезгили айыл чарба салыгынын алынуу мезгилине туура келген, албетте, бул өз изин калтырган. Мурдагы административдик бөлүнүш сакталган шартта салыктарды өз убагында жана толук чогултуу камсыз кылынмак. Салыкты чогултуу иишин кеч мөөнөткө жылдыруу мүмкүн эмес эле.

Баш тартуунун себеби, облревкомдун отчёттук билдирүүсүндө көрсөтүлгөндөй, округдун айрым бөлүктөрүнүн (мисалы, Талас району менен Пишпек округу) ортосунда соода-экономикалык байланыштын жоктугу да болгон.

Областтык ревкомдун президиуму 1924-жылдын 15-ноябрында райондоштуруу боюнча төмөнкү курамдагы комиссия түзгөн: Каменский – РКП(б)нын Кыргыз уюштуруу бюросунун

биринчи катчысы, В.Дублицкий – статистика бөлүмүнүн башчысы, Янгулатова – облревкомдун төрагасы ж.б. Комиссиянын ишинин жыйынтыгын чыгаруунун мөөнөтү бир жумага белгиленген [8, л.1].

1924-жылы ноябрда Каменскийдин төрагалыгы астында областы райондоштуруу боюнча комиссия жаңы административдик-аймактык бөлүнүүнүн зарылдыгын билдирген. Комиссия облревкомго жаңы райондоштурууну сунуш кылат жана Кара-Кыргызстандын үч бирдиктен турган бөлүнүшүнүн максатка ылайыктуулугуна макул болот: 1) областтык, 2) округдук, 3) райондук (ирилештирилген) волост [8, л.30]. Сунушталган райондоштуруу боюнча област төрт округга – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад бөлүнүшү керек болучу. Мурдагы Каракол жана Нарын уезддеринин, ошондой эле мурдагы Пишпек уездинин Тоолуу району /Тоолуу волостунун/ бардык волосттору Каракол-Нарын округуна өтүшү керек болгон. Көрсөтүлгөндөй, бул районду Каракол округунун курамына кошууга төмөндөгүлөр себеп болгон: бул райондун Каракол округуна экономикалык жактан тартылышы жана анын райондун географиялык (жанаша) жайгашуусу. Пишпек /Пишпек-Олуя-Ата/ округу Пишпек уездинин бириктирилген волостторунан жана Олуя-Ата уездинин он төрт бириктирилбеген волостунан турушу керек эле. Жалал-Абад округу 19 волосттон турган, кийин алардын саны 10го чейин кыскартылган. Ош округу 20 волосттуктан түзүлгөн, ошондой эле кийинки волостордун ирилештириши менен волосттордун саны 13 гө жетет [8, л.1].

Революциялык комитеттин Президиуму 1924-жылдын 22-ноябрында ККАОнун областтык, округдук жана райондук мекемелеринин штаттарын өнүктүрүү боюнча штаттык-уюштуруу комиссия түзүүнү чечет. Комиссияга иштелип чыккан штаттарды 27-ноябрдан кечиктирбестен облревкомдун кароосуна киргизүү тапшырылды. Округдук мекемелердин штаттарын түзүүдө комиссия областтагы төрт округдун болушунан чыгууга милдеттүү болгон, алардын ар бири уезден чоңураак жана кадимки округдан бир аз кичине болгон [8, л.5].

Жаңы эки округ үчүн штаттарды иштеп чыгуу областык штаб комиссиясы расмий түзүлгөнгө чейин эле башталган. Областык пландоо комиссиясы 1924-жылдын 4-ноябрындагы корутундусунда областтык статистика башкармалыгына областын эки округдук бөлүнүштөн төрт округду бөлүнүүгө өткөндүгү жөнүндө билдирип, кызматкерлердин штаттын жаңыдан уюшулган райондорго киргизүүнү сунуш кылган [15, л.4].

Топтолгон иштерди тез арада чечүү максатында 1924-жылдын 25-ноябрында облревком материалдарды карап чыгып, административдик бөлүнүүнү жаңыдан өзгөркөн, ага ылайык област төрт округга: Пишпек, Жалал-Абад , Ош, Каракол-Нарын бөлүнгөн жана обревкомдун штаттык комиссиясы тарабынан иштелип чыккан округдардын штаттары бекитилген [1, л.17].

Алгач бардык штаттар жана аларды каржылоо эки округдун талабына ылайык түзүлгөн, бирок жаңы административдик бөлүнүш мамлекеттик аппаратты каржылоодо кыйынчылыктарга дуушар болгон. Ушуга байланыштуу Кыргыз революциялык комитети областтык планга «областтын жаңы административдик бөлүнүшүнө жана штаттык кызматтарга ылайык жергиликтүү бюджеттик каржылоону түзүүгө кам көрүү жөнүндө» тапшырат. Жаңы округдук органдарды каржылоо маселеси кыйын болуп, аны кыска мөөнөттө чечүүгө мүмкүн эмес эле. Бюджеттик мекемелерди жана жергиликтүү башкаруу органдарынын бюджеттери тез арада жергиликтүү жетекчиликке өткөрүлүп берилген [9,

л.12]. Жергиликтүү бюджеттер эки округга бөлүнүүнүн негизинде пландаштырылган. Революциялык комитет эң алгылыктуу чечимди тапкан, «мамлекеттик бюджетке кабыл алынган округдук мекемелер убактылуу коңшу окургдарды тейлөөнү тапшырат, анткени штаттардын борбору 2 округка бекитилген» [9, л.10]. РКП(б) ККАОнун уюштуруу бюросунун президиумунун 1924-жылдын 25-ноябрындагы токтому боюнча жаңы административдик бөлүнүш төмөнкүдөй болгон: Пишпек округу борбору Токмок шаары; Каракол – Нарын округу борбору (убактылуу) Каракол шаары; Ош округу борбору Ош шаары; Жалал-Абад округу борбору Жалал-Абад шаары белгиленген.

Ушул эле токтом менен «Ташкент шаарында жайдын жоктугунан жана анын натыйжасында бөлүмдөрдүн ишин кеңейтүүгө мүмкүн болбогондуктан» Пишпек шаары областын борбору болуп тандалган. ККАО ревкомунун президиуму 1924-жылдын 8-декабрында төрт округдук бөлүнүүнү бекитет [8, л.18]. Областтык революциялык комитеттин 1924-жылы декабрда болуп өткөн экинчи пленуму областын төрт округдук бөлүнүшүн тастыктайт. Област төрт округка бөлүнгөндөн кийин Тоолуу (Талас) жана Нарын облустары боюнча маселе ачык бойдон калган. «Бул эки район округдук борборлордон обочолонушу жана округдук ревкомдордун убактылуу алсыздыгынан пайда болгон» [6, 6-б.]. Бул маселени чечүү жагы райондоштуруу боюнча райондук комиссияга тапшырылды. Мурдагы эки округдук бөлүнүүнүн тушунда Талас райондук ревкому жана Нарын аткаруу комитети түздөн-түз областтык ревкомго баш ийген [6, 7-б].

Райондоштуруу боюнча комиссия Талас райондук ревкомун Пишпек округдук ревкомуна баш ийдирүүнү сунуш кылат. Нарын району Каракол округунун курамына кирген. Каракол округу менен Нарын району бириктирилгенден кийин жаңы округ Каракол-Нарын деп аталып калган. Талас району Пишпек округунун курамына кирген. Талас райревкому Пишпек округдук ревкомуна баш ийдирилген [8, л.49].

Пишпек округунун курамына бир волостко орто эсеп менен 8791 жан туура келген, эки жыныстагы 175828 киши жашаган Талас жана Чүй өрөөнүнөн турган 20 волост кирген.

Убактылуу борбору Каракол шаарында болгон Каракол-Нарын округу 156 667 кишиден турган, он алты волосттуктан турган, волостко орто эсеп менен 9 800 киши туура келген.

220 563 адам жашаган Ош округу айыл чарба салыгы алынгандан кийин он үч райондук волостко бөлүнүшү керек эле, ага чейин мурдагы жыйырмасы калган.

179162 адам жашаган Жалал-Абад округу айыл чарба салыгы алынгандан кийин он райондук волостко бөлүнгөн, ага чейин волосттук көрүнүштү өзгөртпөө жана бар болгон он тогуз волосттун баарын калтыруу чечими кабыл алынган.

Жаңы административдик бөлүштүрүүгө ылайык шаардык партиялык комитеттери жана шаардык аткаруу комитеттери таркатылууга тийиш болгон. Чындыгында шаардык аткаруу комитеттери, РКП(б)нын Каракол, Нарын жана Ош уезддик шаардык комитеттери областтык комитеттин катчысы Каменскийдин сунушу менен 1924-жылдын 16-декабрында таркатылган [14, 288-б.]. Таркатылган шаардык комитеттердин жана округдук партбюронун ордуна РКП(б)нын төрт округдук партиялык бюро дайындалган. РКП(б) областтык уюштуруу бюросунун чечими менен Пишпек округдук партиялык бюросунун курамына тогуз адам киргизилген. Умралин – катчы, Гросс – уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Токбаев – үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Жакупбаев -ревкомдун төрагасы, Сманов – «Кошчу» бирикмесинин төрагасы ж.б.; Ош округдук партиялык бюронун курамына он адам кирген: Туленов – катчы, Венжер – уюштуруу бөлүмүнүн катчысы, Касымов (өзбек) – үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Зулфибаев – ревкомдун төрагасы ж.б.; Жалал-Абад областтык

партиялык бюронун курамына тогуз адам кирген: Абуканов – катчы, Сурин – уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Батбаев – үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Ашуров – ревкомдун төрагасы, ж.б.; Каракол округдук партиялык бюросуна тогуз адам кирген: Бабаханов – катчы, Менжинский – уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Исакеев – үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Чоңбашев – ревкомдун төрагасы ж.б. [16, л.21].

Бир эле убакта округдук аткаруу комиететтеринин депуттар совети уюштурулган. Областтын партиялык бюросу областтык революциялык комитетти округдук аткаруу комитеттердин курамына сунуш кылган. 1924-жылдын 17-декабрында областтык революциялык комитет округдук революциялык комитеттердин курамын бекитет [17, л.5]. Пишпек окрревкомунун курамына тогуз адам кирген: Жакупбаев – катчы, Муратов – административдик бөлүм боюнча төрага, Квитко катчы, Сманов (Кошчу союзунун төрагасы), Айтбаев, Байсалов, Умралин (партиялык бюронун катчылары), Михайлов (аскер комиссары). Ош окрревкому төмөндөгүдөй бекитилди: Зулфибаев – төрага, Никифоров – экономика бөлүмү боюнча төраганын орун басары, Алифбаев – административдик бөлүм боюнча төраганын орун басары, Булатов – катчы, ж.б. Жалал-Абад окрревкомунун курамына тогуз адам кирди: Ашуров – төрага, Цветков – экомикалык бөлүм боюнча төраганын орун басары, Усманбеков – административдик бөлүм боюнча төраганын орун басары, Юламанов – катчы, Абуканов (партиялык бюронун катчысы) ж.б. Каракол окрревкомуна тогуз адам кирди: Чоңбашев – төрага, Малогазиев – административдик бөлүм боюнча төраганын орун басары, Асылбеков – катчы, Бабаханов (партиялык бюронун катчысы), Гозен (ГПУнун башчысы), Сарыков («Кошчу» союзунун төрагасы) ж.б. [17, л.5].

Башкаруу ыңгайлуулугу жана башка административдик иш чараларды камсыз кылуу үчүн областтык жана волосттук, уездик бирдиктердин аймактык бөлүмдөрүн түзүү планында райондоштуруу маселеси көтөрүлгөн.

РКП(б)нын Орто Азия бюросу ККАОнун административдик бөлүнүшү жана борбору жөнүндөгү маселени карап, төрт округдук бөлүнүүнү жана Пишпек шаарын убактылуу борбор катары бекиткен [18, л.21]. Ташкентте УПОЛСТО (Эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укутуу кеңеш) ККАОнун административдик бөлүнүшү жөнүндөгү маселени карап чыгып, аны округдук жана райондук волостторду куруу принцибине ылайык кылуу зарылдыгын тааныйт жана Пишпек уездинин борборун Токмокко которууга макул эместигин билдирет [3, л.1]. 1924-жылдын 23-декабрында УПОЛСТОнун экономикалык бюросу Аксуу (Беловодск) шаарын Пишпек уездинин борбору деп эсептөө жөнүндө чечим чыгарган. Архивден бул чечимдин жүйөсүн таба алган жокпуз. Биздин оюбузча, бул айылда географиялык жайгашуусуна жана темир жол линиясынын жана телеграф байланышынын болушуна байланыштырууга мүмкүн болду. Бирок, бул даярдыксыз жайга которуу өз кесепеттерин алып келди. Революциялык комитеттин отчеттук докладында мындай деп белгиленет: «Беловодскиге (Аксуу) көчүп келүү округдун ишинин өнүгүшүн бир топ жайлатты» [6, 7-б.]. Себеби, Беловодскиде иштөө үчүн кадрларды тандоонун татаалдыгы, анткени мурдагы уезддик жана округдук бөлүмдөрдүн кызматкерлери Беловодскиге барбай, Пишпекте калууну артык көрүшкөн [87, л.21].

Жалал-Абад шаары Жалал-Абад округунун борбору болуп аныкталган. Борбор катары тандалганына темир жолдордун болушу себеп болгон. Бирок бул шаарда көптөгөн кемчиликтер кездешкен. Биринчиден, шаар абдан күч кубатсыз, чоң кеңейтүүнү жана ыңгайлуулукту талап кылган. Экинчиден, географиялык жактан шаар округдун эң түштүк бөлүгүндө жайгашкан жана түндүктөгү округдук эң четки конуштардан 150-200 верст

алыстыкта болгон. Бирок округда ылайыктуу калктуу конуштар жок болгондуктан ушундай чечим кабыл алынган [10, л.11].

Каракол шаарын убактылуу Каракол округунун борбору кылуу чечими кабыл алынган. Бул шаар округдун эң чыгыш тарабында жайгашып, калктын маданий жана административдик муктаждыктарын натыйжалуу канааттандыра алган эмес. Райондоштуруу боюнча комиссия борбордук пунктту округдун борбору катары белгилөөнү сунуш кылган, мисалы Кочкор айылы. Бирок округдук башкаруу борбору боюнча маселе кийин каралышы керек эле [10, л.9].

Жаңы административдик бөлүнүш Москвадагы ББАКтын (ВЦИК) макулдугун талап кылган. ББАК (ВЦИК) аркылуу төрт бөлүмгө бөлүнүүнү ишке ашыруу үчүн райондоштуруу боюнча областык комиссия документтердин пакетин жөнөткөн. Бардык документтер – 1924-жылдын 8-декабрындагы революциялык комитеттин областы төрт округга бөлүү жөнүндөгү токтомдору, 1924-жылдын 23-декабрындагы ККАОнун административдик бөлүнүшү жөнүндөгү УПОЛСТОнун токтомунун көчүрмөсү, округдук, райондук мындан тышкары эски волостордун чек аралары түшүрүлгөн 10 верстик карта Москвага почта аркылуу жөнөтүлгөн [10, л.62]. Областык комиссия жер-жерлерде бийликтин уюштуруу иштери жүрүп жаткандыктан райондук волосттордун чек аралары боюнча кеңири материалдарды алуу мүмкүн болбой калганын белгилеген. Райондук волосттордун чек аралары, эски волосттордун курамы жана бул материалдарды област боюнча иштеп чыгуу боюнча бардык материалдарды алгандан кийин областтык райондоштуруу комиссиясы аларды кошумча почта аркылуу жиберүүнү көздөгөн. Областтык райондоштуруу комиссиясынын мындай шашылуусунун себебин «ББАКта (ВЦИК) областын төрт районго бөлүнүшүн бекитүүнүн кечиктирилиши жер-жерлерде бийлик органдарын уюштурууга жана кийинки жылга (1926) бюджетти даярдоого тоскоолдук кылып жатканы менен түшүндүргөн» [10, л.62]. ККАОнун Москвадагы өкүлчүлүгү ББАК (ВЦИК) аркылуу областтык административдик бөлүнүү жана жаңы округдук штаттар үчүн жаңы долбоорун ишке ашырышы керек болучу [11, л.111-113].

1925-жылдын 25-апрелинде БББАКтын (ВЦИК) президиумунда административдик комиссия, КАОнун административдик бөлүнүшү жөнүндө маселени карап, өзгөртүү киргизген жана бекиткен. Пишпек шаарын ушул эле аталыштагы округдун борбору катары бекитет, Каракол шаары Каракол-Нарын округунун туруктуу борбору болуп калган [10, л.81]. 1925-жылдын 6-июнунда ББАКтын (ВЦИК) президиуму КАОнун административдик-аймактык бөлүнүшү жөнүндөгү маселени карап, төрт округдун административдик комиссиясы менен макулдашылган областы бөлүштүрүүнү өзгөртүүсүз бекитет.

Мурдагы уезддик аткаруу комитеттеринин аппараты кабыл алган округдук ревкомдор: Пишпек, Ош жана Каракол-Нарын канааттандырарлык түрдө түзүлүп, декабрь айынын орто ченинде практикалык ишин баштаган. Жалал-Абад округдук ревкомдору өзгөчө оор жана ыңгайсыз шарттардан (Жалал-Абадда имараттардын жана квалификациялуу кызматкерлердин жоктугунан, ошондой эле бир дагы аппараттын толук жоктугунан) ишин бир топ кечирээк баштаган [6, 7-б.].

Областын жаңы административдик бөлүнүшү жөнүндөгү чечимге байланыштуу РКП(б)нын областык уюштуруу бюросу уюштуруу бөлүмүнүн алдында Буров-Петровдун төрагалыгы алдында штабдык комиссия түзөт. Бул комиссия РКП(б) БКнын финансы бөлүмүнө тезинен тапшыруу максатында жаңыдан түзүлгөн төрт партиянын округдук комитетинин штатын иштеп чыккан [19, л.30].

Советтик башкаруу органдары үчүн жаңы штаттарды иштеп чыгуу боюнча окшош иштер областтык жана округдук ревкомдордо да жүргүзүлгөн. Төрт округка бөлүнгөндөн кийин областтык ревком бюджет боюнча округдук мекемелердин жаңы штаттарын бекитип, аларды тез арада жергиликтүү бийлик органдарына башкарууга жиберип, бекитип берүүнү Москвадан суранат.

Областтын иш жүзүндө административдик жактан округдарга, райондорго, волосторго жана айылдык кеңештерге бөлүнүшү менен революциялык комитеттин президиуму 22-декабрда окрукга, районго (ирилештирилген) волостторго жана эч кандай ортолук бийликтери жок ( волост менен округдун ортосундагы) айылдык кеңештерге райондоштуруунун (экономикалык, айыл чарба, географиялык өзгөчөлүгүнө жараша) зарылдыгын ырастады. Бирок облревком табигый-географиялык жактан обочолонгон аймактардын (Талас, Нарын, Кетмен-Төбө, Лейлек ж. б.) бар экенин моюнга алып, областтык бөлүмдөргө жана округдук ревкомдорго өз иштерин жана кызматкерлерин райондорду тейлөөгө ылайыкташтырууну сунуш кылат. Округдук ревкомдорго жардам көрсөтүүнү улантып, облревком аларга алыскы бир нече волостторду бириктирген райондорду түзүүгө укук берген.

Мындай кадамга округдук ревкомдордун убактылуу чабалдыгы, айрым волостторду башкарууну толук кучагына ала албагандыгы себеп болгон. Мындан тышкары дагы бир себеби – мурдагы Түрк АССРинин ар кайсы областтарынын жана округдарынан бир катар райондордун ККАОго кошулушу болгон [6, 7-б.].

Жогорку органдардын чечимдерин ишке ашырып, Жалал-Абад округдук ревком 1924-жылдын 3-декабрында Жалал-Абад районун уюштуруп, райревкомду дайындайт. Райондун курамына: Жалал-Абад, Көгарт, Чанкент волосттору кирген.

1924-жылдын 7-декабрында Жалал-Абад округдук ревкомунун Ош шаарындагы кеңешмесинде Кызыл-Жар, Кетмен-Төбө, Араван ройондорун уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алат. Кызыл-Жар районунун курамына мурдагы Наманган уездинин Кызыл-Жар, Кыркугул, Саруу, Багыш, Баястан, Кутулук-Саид жана Чаткал волосттору кирген. Успенский айылы райондун борбору деп таанылган. Кетмен-Төбө району Кеңкол-Карагыр, Кетмен-Төбө, Мустурук жана Суусамыр волостторунан турган. Араван району төмөнкү волосттордон: Араван, Ичкилик, Найман, Чимиондун бир бөлүгү, Үчкоргон жана Ноокат кыштагынан туруп, борбору Качжар кыштагы болгон. Бул токтом менен Жалал-Абад округдук ревкому райондук ревкомдорду дайындаган. Кызыл-Жар райревкомунун курамына: Булатов – төрага, Чангулов (милициянын начальниги – төраганын орун басары, Каракишиев – катчы; Кетмен-Төбө райревкомунун президиумунун курамына: Казатов – төрага, Сабаев (милициянын начальниги) – төраганын басары, Дарбаев -катчы, Мамбеталиев — партиянын райкомунун жооптуу катчысы, Юлаев – «Кошчу» союзунун жооптуу катчысы кирген; Араван районунун райревкомуна бир гана төрага – Урашбаев болгон, калган мумүчөлөрдү жеринде дайындоого Важнерге тапшырылган [12, л.7]. Ошондой эле Базар-Коргон районун курамы төмөнкү волосттор уюшулган: Базар-Коргон, Айым, Наукент, Массы, Майлысай [33, л.40]. Эми жаңы Лейлек районун түзүү керек болучу.

Жаңы административдик бөлүнүштүн киргизилишине байланыштуу бул райондордун бир тобу өз ишин токтотту. Облревкомдун 8-декабрдагы чечими боюнча Жалал-Абад округу эки округка: Жалал-Абад жана Ош округдарына бөлүнгөн. Бүтүндөй Араван району жана болжолдонгон Лейлек аймагы жаңы Ош округунун курамына кирди. Ош шаары округдун борборуна жакын жайгашкандыктан жана Пишпектин көрсөтмөсүнө ылайык орто

административдик бирдиктерди уюштурууга жол берилбестигинен, Лейлек району түзүлгөн эмес, Араван району жоюлган.

Каракол-Нарын округунда Нарын району болуп, ага: Тоолуу, Үчакин, Онарча, Чачубинск, Нарын, Чоро, Шаркратма, Эсенгул волосттору кирген [5, л.88].

Натыйжада 1925-26-жылдардагы округдук-волстук түзүлүштү өзгөртүү боюнча түзүлгөн областтык комиссия бюджетти түзүү максатында азыркы төрт округдук бөлүнүүнү өзгөртпөстөн, бир нече улуттук волостторду уюштуруп, бир улуттуу жана аралаш волостторду ирилештирүүнү гана жүргүзүүнү долбоорлогон. Бул долбоордогу кемчиликтер: комиссия текшерилбеген, эскирген же айрым волосттор боюнча такыр маалыматы жок материалдарды пайдаланган, округдук чек аралардын чиймеси боюнча так маалымат болгон эмес (Каракол-Нарын округунун чек ара сызыгы тууралуу так маалымат болбогон), областын административдик бөлүнүшүндөгү белгилүү өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү калктын өзүнүн пикирин эске алынбаган. Буга карабастан ККАО андан аркы административдик түзүлүшүнүн жакшырышына багыт алды.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Из протокола заседания президиума ревкома Кара-Киргизской Автономной области [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф.20, оп.1, д.3, л.17.
2. Комиссии по районированию Киргизской Автономной области.Проткол №14. 17октября 1925 г. [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 20, оп. 1, д. 19, л. 1.
3. Комиссии по районированию Киргизской Автономной области.Проткол №14. 17октября 1925 г. [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 20, оп. 1, д. 115, л. 1.
4. Комиссии по районированию Киргизской Автономной области.Проткол №14. 17октября 1925 г. [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 20, оп. 1, д. 188, л. 40 об.
5. Комиссии по районированию Киргизской Автономной области.Проткол №14. 17октября 1925 г. [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 20, оп. 1, д 93, л. 88.
6. Отчетный доклад Революционного комитета Кара-Киргизской Автономной области РСФСР Первому съезду Советов РК и ДД области (ноябрь 1924 г. –март 1925 г.) [Текст] – Пишпек, 1925. – С.3, 6-7.
7. Письмо Представителя КАО при Президиума ВЦИК в Комиссии по районированию ЦИК СССР о направлении копии протокола №15 от 05.11.1925. заседания Комиссии раонированию КАО по проекту описании границу между Узб.ССР и РСФСР в пределах границ КАО Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 949, оп.3, д. 59, л.1,4,18, 30.
8. Первый учредительный съезд советов советов Киргизском Автономной области 27-30 марта 1925 года Историческая справка[Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф.1246, о.1, д.687, л.5, 49.
9. Первый учредительный съезд советов советов Киргизском Автономной области 27-30 марта 1925 года Историческая справка[Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 1246, оп. 1, ед. 687, л. 10, 12.
10. Письмо Представителя КАО при Президиума ВЦИК в Комиссии по районированию ЦИК СССР о направлении копии протокола №15 от 05.11.1925. заседания Комиссии раонированию КАО по проекту описании границу между Узб.ССР и РСФСР в пределах границ КАО Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 9, 11,62, 68, 81.

11. Первый учредительный съезд советов советов Киргизском Автономной области 27-30 марта 1925 года Историческая справка[Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 1246, оп. 1, д. 686, л.111-113.
12. Письмо Представителя КАО при Президиума ВЦИК в Комиссии по районированию ЦИК СССР о направлении копии протокола №15 от 05.11.1925. заседания Комиссии раонированию КАО по проекту описании граниу между Узб.ССР и РСФСР в пределах границ КАО Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 949, оп.2, д. 4, л. 7.
13. Смадияров, С. Становление и развитие государственного аппарата Кыргызской Республики в период ее автономии (1924- 1936 гг.) [Текст] / С.Смадияров. – Ош, 2001.- С.91.
14. Усупова Н.С., Курумбаева Г.Д. Ишеналы Арабаев в общественно-политических процессах Кыргызстана начала XX века [Текст] / Н.С.Усупова, Г.Д.Курумбаева //Вестник КГУ им. И.Арабаева. – Бишкек, 2022. – №4. – С.288.
15. Центральный государственный архив Кыргызской Респблики, ф.1383, оп.1, д. 5, л.4.
16. Центральный государственный архив политической документации Кыргызской Республики [Текст]. ЦГА ПД Кырг. Респ., ф. 10, оп.1, д. 5, л. 18, 21.
17. Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 1247, оп. 1, д. 2, л. 5.
18. Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 1247, оп. 1, д. 9, л. 21.
19. Центральный государственный архив политической документации Кыргызской Республики [Текст]. ЦГА ПД Кырг. Респ., ф.10, оп.1, д.4, л.30.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Айтымбект кызы А.**